Медициналык колледждин 3-4-курстарынын студенттери иш берүүчүлөр, ата-энелер, мурунку бүтүп кеткен бүтүрүүчүлөр, окутуучулар менен биргеликте "Иш берүүчүлөр аркылуу практикада кесиптик компетенциялардын калыптануусу" аттуу темадагы тегерек столдун **№ 5 протоколунан көчүрмө**

24.01.2024-жыл

Төрага: З.С. Арынов
Катчы: А.Б. Арзиева
Катышты:

**Күн тартиби**

1.
2.
3. Бүтүрүүчүлөрдө кесиптик компетенцияларды калыптандыруу боюнча сунуштары.

**Угулду:** З.С. Арынов : "Иш берүүчүлөр аркылуу практикада кесиптик компетенциялардын калыптануусу" аттуу тегерек стол жыл сайын өткөрүлүп келет. Бүтүрүүчүлөрдү мындан ары да кызматташууга чакырды.

**Сүйлөдү:** С. Махкамова (Алай райондук ЦЭМ, фельдшер): Дарылоо иши адистигин окутууда буйруктар, биринчи медициналык тез жардам, реанимациядагы заманбап медтехникаларды окутууга көп басым жасалуусу керек.
2. З. Жолонова (ОшМУ мед. фак. инспектор) заманбап муляж, виртуалдык пациенттер сабакта колдонулса окутуу найыжалуу болмок.
3. Р. Кеңешбек уулу (Жалал-Абад ш., Неман-Фарм, фармацевт): мед.колледждин өзүнүн дарыканасы болсо, өндүрүштүк практикага ошол жерге чыгарылса, сабак берген окутуучулар өздөрү практиканы жетектешсе, көзөмөлдөшсө. Студенттер көп нерсени үйрөнмөк, убакыт да жетиштүү болот.
4. А. Байтөрөева (ОсОО Медитек): медтехникаларды окутуу боюнча окуу планга предметтер киргизилсе. Мисалы түштүк региону боюнча пандемияда СиПАП, БиПАП аппараттарын иштете алган адистер жетишсиз болгон.

5. Д. Болотбек уулу (Кара-Кулжа р. ЖТБ лаборант): мед колледждин карамагында дарт аныктоочу заманбап лаборатория ачылса, студенттер ошол жерге практикага чыгышса.
6. Ф. Таалайбек кызы (Русс-фарм, фармацевт) фармакология предмети фармацевтке өтө керек. Сааты көбөйтүлсө. Студенттер катуу мукабалуу китеп окушса. Электрондук китептер да жакшы, бирок, тез эле алаксып башка нерселерге өтүп кетишет.

6. Б. Ыдыбек кызы (Ош шаардык клиникалык ооруканасынын медайымы): жогорудагы сунуштарга кошулам.
7. А. Акерова (Кадам-Жай райондук ЦОВП, директор): айтылган ойлорду колдойм.
8. С. Молдоматов (ОсОО Планета-Фарм, директор) өтө маанилүү ойлор айтылды, колдойм.
Жалпы ойлор, сунуштар колго салынып колдоого ээ болду.

Сунуштар, ой-пикирлер талкууланып чечим кабыл алынды:

3. Бүтүрүүчүлөрдүн ой-пикирлери (медициналык колледждин карамагында дарыкана жана дарт аныктоочу лаборатория ачуу, акыркы буйруктар боюнча заманбап техникалык жабдуулар, муляждарды алуу, предметтердин окутуу саатын көбөйтүү, катуу мукабалуу китептер менен студенттерди камсыздап окутуу) педагогикалык кеңеште каралуусу сунушталсын.

Төрага: З.С. Арынов

Катчы: А.Б. Арзиева